**ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**
**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**
**Ч.АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ**

Д.10.11.029. ВЕДОМОСТВОЛОР АРАЛЫК ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕНЕШ

Кол жазма укугунда
**УДК:894.2.341(575.2) (043.3)**

**АНДАШОВА АЙНУРА КАНЫБЕКОВНА**

# «ЖАҢЫЛ МЫРЗА» ЭПОСУНУН ПРОФЕССИОНАЛ АДАБИЯТТА КӨРКӨМ ИШТЕЛИШИ

10.01.01 – кыргыз адабияты

филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иштин
авторефераты

**Бишкек – 2011**

Диссертациялык иш **И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик Университетинин алдындагы Мамлекеттик тил жана маданият институтунун кыргыз адабияты кафедрасында аткарылды.**

**Илимий жетекчиси:** филология илимдеринин кандидаты, доцент **Жумаев Мырзабек Көчөрбаевич**

**Расмий оппоненттер:** филология илимдеринин доктору, профессор **Садыков Абдыкадыр Садыкович**

филология илимдеринин кандидаты, доцент **Карымшаков Санарбек Карымшакович**

**Жетектөөчү мекеме**: С.Нааматов атындагы Нарын Мамлекеттик университетинин кыргыз адабияты кафедрасы,
дареги: Нарын шаары, С.Орозбак көчөсү, 25

Диссертациялык иш 2012-жылдын "___"___________саат_____дө
Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн Д.10.11.029 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот. Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чуй проспектиси, 265-а.

Диссертациялык иш менен Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин илимий китепканасынан таанышууга болот, дареги: Бишкек шаары, Фрунзе көчөсү , 547

Автореферат 2011-жылдын "____"_______________таратылды.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы,
филология илимдеринин кандидаты, доцент **Кадырмамбетова А.К.**

## Иштин жалпы мүнөздөмөсү

**Теманын актуалдуулугу.** Кыргыз совет адабиятынын жаралышы оозеки поэзиянын үлгүлөрүнө, элдик эстетиканын негиздерине барып такалат. Чындыгында мурда жазмасы өнүкпөй калган улуттук көркөм өнүгүш фольклордон чыгып, реалисттик адабияттын мурда тааныш эмес дүйнөсүнө келип кошулушу, жаңыдан жаралып, пайда болгон жазма адабияттын профессионалдык адабиятка тагыраак айтканда, байыркы эпостон түз эле реалисттик романга өтүшү татаал да, кызыктуу да, таң калыштуу да болгон.

Мына ушул татаал көркөм процесстеги фольклор менен жаш жазма адабияттын ортосундагы мыйзамченемдүү байланыштарды, көркөм катыштарды, ошондой эле жаш профессионалдык авторлордун келип чыгышын, пайда болушун, калыптаныш өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтүүдө кыргыз адабиятчылары бир кыйла ийгиликтүү эмгектерди жаратышкан, окумуштуу - адабиятчылар К.Асаналиев, К.Артыкбаев, М.Борбугулов, К.Бобулов, С.Жигитов, Б.Керимжанова, Ш.Үмөталиев, А.Садыков, ж.б. олуттуу эмгектенишип, адабияттагы фольклоризм маселеси бир кыйла кең-кесири каралган жана бүгүнкү күндө да изилдөөгө болгон кызыгуучулук тарай элек, ал гана эмес бул эки көркөмдүк формациянын ички байланыштарын ачуу проблемасы азыркы мезгилде ого бетер курчуп, ого бетер маанилүү боло баштады. Мына ошондуктан элдик көркөм мурас менен жаңыдан жарала баштаган жазма адабияттын ортосундагы карым-катыш маселесин изилдөө мурда, совет доорунда кандай актуалдуу болсо, азыр да ошондой эле күн тартибиндеги маселе болуп эсептелет.

Адабият таануу илиминин алдындагы мына ушундай маселени эске алып, «Фольклор жана адабият» проблемасын изилдөө максатында биз кыргыз элинин бай мурастарынын бири болгон “Жаңыл Мырза” эпосунун кыргыз профессионал адабиятындагы кайрадан жаңырышын, белгилүү акын-жазуулардын бул элдик мураска болгон мамилесин изилдеп көрсөтүүнү алдыбызга максат кылып койдук. Бул теманы тандап алганыбыздын себеби, кыргыз эл оозеки поэзиясы жазуучуларга дайыма идея берип, демөөр болуп келгендиги баарыбызга маалым эмеспи. Анткени кыргыз жазуучулары кандай мазмунда болсо да фольклордук эстетикага кайрылбай койбойт.

Ушул ыңгайдан алып караганда, «көп улуттуу совет адабиятынын» калыптанышында жана андан ары өнүгүшүндө фольклордун мааниси өтө зор кыргыз совет адабияты калыптанышынан баштап, дээрлик жетилген азыркы учуруна чейин фольклордон «азыктанып» фольклордук булактардын негизинде өнүгүп келди. К.Маликов,

Ж.Бөкөнбаев, Ж.Турусбековдун «Айчүрөк» драмасынан тартып, К.Баялиновдун “Түлкү менен суур”, “Чабалекей менен жылан”, Т.Үмөталиевдин “Күч бирдикте”, “Малга тойбос”, Ж.Бөкөнбаевдин “Чептен эрдин күчү бек”, А.Токомбаевдин «Жетим», “Даат”, “Күүнүн сыры” чыгармаларынан тартып, Т.Сыдыкбековдун «Көк асаба» романынан чейин, Ж.Садыковдун «Манас» трилогиясына чейин элдик сюжеттерди, мотивдерди пайдалануу натыйжасында, же элдик поэзиянын духунда жазуу жагдайында кыргыз совет адабиятында олуттуу чыгармачылык ийгиликтер жаралганы талашсыз. Демек, кыргыз жазучуларынын бүтүндөй бардык муундарынын фольклорго кандайдыр бир даражада чыгармачылык мамилеси болгону, ал турмак белгилүү мааниде фольклордук эстетика алардын басып өткөн «мектеби» болгону чындык. Мына ушундан улам, «фольклордук эстетика жана жазма адабият» деген проблема советтик адабият илиминин, ошондой эле азыркы филология илиминин көңүл борборунда болуп, бул маселеге окумуштуулар өздөрүнүн маанилүү эмгектерин арнаганы түшүнүктүү.

Маселен, “Жаңыл Мырза” эпосуна биринчилерден болуп кириш-кен жана улуттук жазма профессионалдык адабиятты эң биринчи-лерден болуп баштаган Касым Тыныстанов өз мезгилинин эң билим-дүү адамы экенине карабастан, таасирленип, кандайдыр бир үйрөнө турган, туурай турган эстетикалык үлгү тапкан эмес, мына ошондуктан элдик оозеки поэзия, элдик романтикалык эстетика ал үчүн таянар тоо, эстетикалык үлгү болгону талашсыз чындык. Мына ошондуктан ал өзүнүн чыгармачылык мүдөөсүн ишке ашырууда баарынан мурда элдик эпостун үлгүлөрүнө гана таянып, Жаңыл Мырза жөнүндөгү элдик мотивдерге жана сюжетке кайрылган деп ойлойбуз.

Касым Тыныстанов сыяктуу эле С.Эралиев, К.Маликов, Т.Ады-шева. А.Рыскулов, К.Сапарбаев, Э.Эрматов, К.Керимаалы уулу жана башка акын-жазуучулар дагы Жаңыл Мырза тууралуу элдик мураска таянышып, элдик оозеки чыгармалардын эстетикасын чыгармачылык максатына, чыгармасынын идеялык мазмунуна, пафосуна жараша пайдаланышкан, кайрадан жаратышкан. Мына ошондуктан акын-жазуучулардын фольклорго болгон мамилелерин, ой толгоолорун, көз караштарын системалаштырып изилдөө бүгүнкү күндөгү өтө керектүү жана зарыл маселе болуп саналат.

Диссертациялык иштин алкагында “Жаңыл Мырза” эпосунун профессионал адабиятта кайрадан жаралуусу менен өнүгүүсүн тарыхый-эволюциялык өңүттөн өздөштүрүп, эпоско кайрылышкан акын-жазуучулардын жаңы табылгаларын белгилеп, алардын көркөм

чыгармаларынын идеялык-көркөм проблематикаларын, көркөм-эстетикалык ачылгаларын, поэтикалык өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтүп, биринчи жолу системага салып тактоону гана көздөдүк.

**Диссертациянын темасынын илимий программалар менен болгон байланышы.** Илимий иштин темасы И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетине караштуу Мамлекеттик тил жана маданият институтунун илимий-изилдөө иштеринин тематикалык планы менен дал келет.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери:**

“Жаңыл Мырза” эпосунун жазма адабиятта кайрадан чагылышы маселесин талдоо, эпос тууралуу, андан жаралган көркөм туундулар тууралуу ар түрдүү мезгилде айтылган ойлор, пикирлер кандайдыр бир туруктуу көз караштын негизинде келип чыккан концепциябы, же ар башка кырдаалга байланыштуу чукул айтылган субьективдүүлүкпү, бул көрүнүштүн маани-маңызын ачып көрсөтүү милдети алдыга коюлган максат жана милдеттерди ийгиликтүү чечүү үчүн негизги изилдөөчүлүк принцип катары салыштырма жана типологиялык принциптер колдонулду.

**Изилдөөнүн жаңылыгы.**

Элдик оозеки дөөлөттөрүбүздүн ичинен калемгерлерибиз “Жаңыл-Мырза” эпосуна көп кайрылышканы тууралуу ар түрдүү илимий эмгектерде, макалаларда ар түркүн пикирлер айтылып келгени менен олуттуу изилдөө обьектисине алынбай келгени белгилүү. Ушул өңүттөн алып караганда биздин алган темабыз жаңы жана актуалдуу. Ошондой эле:

-профессионалдык адабияттын өкүлдөрүнүн “Жаңыл Мырза” эпосуна кайрылуу аракеттери, эстетикалык, идеялык жаңычылдыктарын салыштыруу;

- Жаңылдын образын профессионалдык адабиятта кайра иштеп чыгуу маселесиндеги ар бир сүрөткердин өзгөчөлүгүн, образ түзүүдөгү ийгилиги менен кемчилигин ачып берүү;

- “Жаңыл Мырза” эпосунун сюжетине кайрылган профессионалдык адабияттын өкүлдөрүнүн бул теманы, сюжетти иштеп чыгуу боюнча жеке салымдарына жана окшоштуктарына анализ берүү;

-элдик оозеки дөөлөттөрүбүзгө постсоветтик мезгилде болгон мамиле;

-эпоско кайрылган жазуучулардын ойдон чыгаруу жана «көргөндү көргөндөй» сүрөттөө эволюциясын аныктоо жана тактоо сыяктуу маселелерди чечмелөө аракети- диссертациябыздын негизги жаңылыгы деген ойдобуз.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси.**

Диссертациялык эмгегибиз кыргыз адабиятынын тарыхын үйрөнгөндөргө окуу куралы катарында жардам берип, жаңы окуу китептерин түзгөндөргө методологиялык көмөк көрсөтө алат. К.Тыныстанов, С.Эралиев, Т.Адышева, К. Маликов, А.Куттубаев, А.Рыскулов, К.Сапарбаев, Э.Эрматовдордун аталган эпостон сюжеттик өзөк алган чыгармаларынын өз ара айырмачылыктары, көркөм-эстетикалык ачылгалары, поэтикалык өзгөчөлүктөрү, образ, мүнөз түзүү чеберчиликтери талданып чыккан эмгегибиз оозеки чыгармачылык менен жазма адабияттагы айрым маселелердин чечилишине көмөк көрсөтүү менен жогорку окуу жайларындагы филология факультетинде тиешелүү атайын курстарды өтүүдө өбөлгө түзөт деп ойлойбуз.

**Коргоого коюулуучу негизги жоболор:**

-«Жаңыл Мырза» эпосунун профессионалдык жазма адабияттагы варианттарында эпостук чыгармаларга мүнөздүү болгон гиперболизация, эпитеттер, кереметтүүлүк, баатырдык эрдиктерге басым жасоо сыяктуу көрүнүштөр мүнөздүү эмес.

-К.Тыныстановдун, Т.Адышеванын, С.Эралиевдин поэмаларында негизги акцент башкы фигуранын ички дүйнөсүнө коюлуп, махабаттын муңу, жалгыздык темасы кеңири чагылдырылган.

-К.Тыныстановдун поэмасында эпикалуулук, лирикалуулук, драматизм жуурулуша келип, Жаңыл Мырзанын образы ар тараптуу, терең ачылгандыгы өзгөчө белгиленди.

- Эпикалык сюжеттин жаңыланышы, жаңы сапаттык мааниге өтүшүн идеялык, образдык өсүшүн көркөм чыгармалардын мисалында талдап берилди.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы.**

- «Жаңыл Мырза» эпосунун элдик сюжетинин көркөм чыгармага айлануудагы өзгөчөлүгүн биринчи ирет системалуу анализге алынгандыгы;

- «Жаңыл Мырза» боюнча жазылган чыгармаларды талдоо аркылуу авторлордун өзгөчө белгилеринин айырмаланып көрсөтүлүшү;

- «Жаңыл Мырза” эпосунун генезиси жана сюжеттик өсүшүнүн көркөм чыгармаларда орун алышын жана эстетикалык өнүгүүсүн ачуу далалаты;

- Жаңыл Мырзанын образынын элдик варианттардагы түзүлүшү жана трансформацияланышынын кандай өңүттө жүргөндүгүнө сереп

салынышы;

- Элдик мотив менен көркөм чыгарманын карым-катышын илимий-теориялык негизде иликтөө аракеттери.

**Изилдөөнүн апробациясы:**

Диссертациялык иш И.Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик Университетинин алдындагы Мамлекеттик тил жана маданият институтунун кыргыз адабияты кафедрасынын кеңешмесинде, К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин кыргыз адабияты кафедрасынын кеңешмесинде талкуулардан өткөн. Диссертациянын негизги маселелери жана тыянактары боюнча республикалык, Эл аралык илимий-практикалык конференцияларда (2007-2011-жж.) баяндамалар жасалды.

Диссертациянын жыйынтыктарынын жарыяланышы. **Диссертациялык иш боюнча 8 макала жарык көрдү.**

Иштин түзүлүшү жана көлөмү: **Диссертациялык иш киришүүдөн, үч бөлүмдөн, корутундудан жана пайдаланылган эмгектердин тизмесинен турат.**

**ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ.**

**Киришүүдө** теманын актуалдуулугу, изилдөөнүн максаты менен милдеттери, ошондой эле иштин жаңылыгы, практикалык мааниси, коргоого коюлуучу жоболор менен изилдөөчүнүн жеке салымы көрсөтүлүп, иштин апробацияланышы, түзүлүшү жана көлөмү жөнүндө маалымат берилди.

**Иштин биринчи главасы «Жаңыл Мырза” эпосунун генезиси жана жазма адабиятта өнүгүшү”** деп аталып, анда “Жаңыл Мырза” эпосунун генезиси, варианттык өзгөчөлүктөрү жазма адабиятдагы үлгүлөрү системалуу түрдө иликтенди жана ар бир вариантка, ар бир көркөм чыгармага тарыхый-эволюциялык мүнөздө мамиле жасалды. Эпостун варианттарындагы өзгөчөлүктөрү менен бирге ар түрдүү учурда кайрылышкан акын-жазуучулардын профессионал адабияттын талабына ылайыктап, кайрадан иштеп чыгуусу каралып келип, эпоско кайрылган жазуучулардын алдындагы негизги чыгармачылык милдет элдик оозеки чыгармачылыктын эстетикасында жаралган оозеки чыгарманы жаңыдан калыптанып келе жаткан жаңы эстетикалык поэтиканын, тагыраак айтканда, реалисттик адабияттын салттарына трансплантациялоо, “көчүрүп келүү” эле, тагыраак айтканда, реалисттик адабияттын көркөм-эстетикалык мыйзамына ылайык кайрадан иштеп чыгуу экендигин ачууга аракет жасалды. Фольклорго карата болгон мындай эстетикалык мамиле фольклор менен адабияттын өз ара байланышын теориялык-

методологиялык жактан изилдеген белгилүү окумуштуу Л.И. Емельянов жазгандай: “Ар бир тарыхый мезгилде фольклор өзүнүн ар түрдүү жактары менен ар түрдүү көлөмдө ар түрдүү мамиледе адабиятка “керектүү” болуп келет. Бир мезгилдерде фольклорго кайрылуу адабияттын белгилүү бир керектөөлөрү менен аныкталса, башка бир учурда башка маселелер менен белгиленген, эгерде бир мезгилдерде фольклорго кайрылуу аң-сезимсиз, стихиялуу болсо.., ал эми башка бир учурларда бул аң-сезимдүү процесске айланат...” [ Емельянов Л.И., 1978, 205 с.].

“Жаңыл Мырза” эпосуна кайрылуунун ар түрдүү этаптары да ушундайча ар башка болгон, маселен, Касым Тыныстановдун «Жаңыл Мырза» эпосуна биринчилерден болуп кайрылып, кайрадан поэма кылып жазышы жана поэманын ички пафосу, идеялык мазмуну башкы каарманды Жаңыл Мырзаны даңазалоого, элдик романтикалык эстетикага негизделген. Ал эми кийинки С.Эралиев, же болбосо Т.Адышевалар мезгилдин талабына ылайык ар түрдүү маанайдагы өздөрүнүн чыгармаларын жаратышкан.

“Жаңыл Мырза” эпосу кыргыз элинин кенже эпосторунун ичинен өзгөчөлөнүп, элибиздин оозеки көркөм байлыгынын ичиндеги аялзатынын эрдигине толук бойдон арналган жападан жалгыз чыгарма Мына ушундай өзгөчө сюжеттик курулуштагы, башкы каарманы аялзаты болгон эпостун:Тоголок Молдонун (1960), Абдыкалык Чоробаевдин (1957, 1966), Ыбрай Абдрахмановдун (1967), Молдобасан Мусулманкуловдун версиясы боюнча (1983) жарык көргөн төрт варианты бар. Бардык варианттарда Жаңыл Мырзанын баатырдыгы, укмуштуудай эрдиктери, жаа тартуу жагынан алдына эч кимди чыгарбаган мергендиги даңазаланат да, мына ушундай каарманы менен башка эпостордон айырмаланып турат.

Эпостун сюжети кыргыз элинин өткөн доорундагы тарыхый окуясы орун алып, Жаңыл аттуу кыздын эркекче кийинип, эркекче жаа атып, эр жигиттердей жаш кезинен баатырдык иштерди жасап, өз элин, жерин тышкы баскынчылардан коргогон баатыр кыз тууралуу баяндалат.

Ошондуктан ал кыз башы менен Жаңыл Мырза деген атка татыктуу болгон. Мына ушундай мазмунда жаралган “Жаңыл Мырза” эпосу элдик эпостордун ичинен баатырдык эпоско кирген, мындай пикирди: “Кыргыз оозеки чыгармачылыгынын тарыхынын очерки” жана “Народно-поэтические традиции в эпосе “Жаныл-Мырза” [Кыдырбаева Р.З.,1960, с. 48] деген изилдөөлөрдө белгилүү илимпоздор “Жаңыл Мырзаны” кыргыз элинин кенже эпосторунун

ичиндеги баатырдык эпостор тармагына кошушкан. “Жаңыл Мырза” эпосунун бир нече варианттарынын окшоштуктары менен айырмачылыктары айкындалып, эпостун генезисин тууралуу сөз болуп, Жаңыл Мырза тарыхта жашап өткөн адам катары иликтенген, мисалы, Тоголок Молдо Жаңыл Мырза тарыхта жашап өткөн адам деп далилдеген. Жаңыл Мырза жашап өткөн доорду мындан 200-300-жылдар мурун чамалуу деп так көрсөтүлгөн пикирдин бар экендигин далилдөө менен бирге эпостун пайда болушун тарыхый негизге такаган, тагыраак айтканда, тарыхый окуя, тарыхта жашаган адамдар бар деген пикирин айткан, чындыгында бул пикирге кошулууга болот.

Тоголок Молдонун вариантында Жаңыл Мырзанын теги жөнүндө сөз анын карапайым элдин өкүлү экендигине басым коюлат. “Ата журту Нойгут дейт, атасынын өз аты Нойгуттан чыккан Койгут дейт” деп айтылат [Тоголок Молдо, 1970, 207-247-Б.]. Бирок Түлкү менен Үчүкөнү Жаңылды алуу боюнча мотиви Тоголок Молдонун айтуусундагы вариантта элдик оозеки уламыштан жана жазма үлгүлөрдүн бир тобунан анча деле айырмалуу эмес. Тек гана Жаңылдын даназасын угуу менен “аялдан корккон болобу” деп “Түлкү Мырза Жаңылды, алмак болуп жөнөгөндүгү” басым менен берилген. Эгер Тоголок Молдонун варианты Жаңыл Мырзанын туткундан качуусу менен бүтсө, Ы.Абдрахмановдо Жаңылдын туткундан келгенден кийинки өмүрү акырына чейин баяндалат. Бул вариантта Жаңылдын окуясы туткундан кийинкилери менен да узартылат. Ушул эле дастандагы окуялар А.Чоробаевдин вариантында баарынан көлөмдүүлүккө ээ. Ал болсо Жаңыл Мырзаны туткундан бошогондон кийинки окуяларды өөрчүтүп, калмактар менен согушун жана Шырдакбекке байланышкан көптөгөн эпизод, сценаларды кошуп сүрөттөгөн.

Профессионалдык адабиятта “Жаңыл Мырза” эпосунун сюжетине кайрылуу кыргыз жазма жаңы адабиятынын кадам шилтеген жылдарында башталган, “Жаңыл Мырза” эпосунун сюжетине профессионалдык адабиятта биринчи болуп Касым Тыныстанов киришип, “Жаңыл Мырза” поэмасын жазат да, кыргыз поэма жанрын баштап берет, поэма 1925-жылы Москвадан жарык көргөн “Касым ырлар жыйнагына” басылат. андан кийин К. Маликов менен А. Куттубаев, С.Эралиев, Т. Адышева, А. Рыскулов, Э.Эрматов, К. Керимаалы уулу профессионал адабиятта кайрадан жазып чыгышкан.

К.Тыныстановдун поэмасында башкы каарман Жаңыл Мырзанын окуясы негизинен элдик варианттагы сюжеттик орчундуу линияны кайталаганы менен финалында такыр башка жыйынтык

чыгарылат. Тактап айтканда, Жаңыл Мырза Түлкүгө деген махабатынын азабын тирүүлөй тарткандан көрө деп өзүн-өзү өлүмгө кыйгандыгы менен поэма аяктайт. Албетте, поэманын прологунда сүрөттөлгөн укмуштуу кебетеси таң каларлык, кабагы кере карыш салаңдаган күү черткен аксакалдын жана лирикалык "мендин" жолугушууларын көркөм шарттуулук формасындагы карт тарых (убакыттын көрсөткүчү) менен жаш адамдын (жаңы мезгил) пикир алмашуулары, тажрыйба бөлүшүүсү сыяктуу да кароого болот. Автор поэмасынын пафосун, маанисин 20-жылдардын көз карашынан түп-тамырынан айырмалантып, башкача курган, башка акындар ошол мезгилдин талабын аткарып, жаңы заманды даңазалап, Ленин, партияны ырга кошуп жатканда, Тыныстанов Кыргыз элинин да өткөн доордо да жакшы жашоосу болгондугун, эл катары жашагандыгын ырларында жана ушул поэмасында ачык айткан.

Көрсө, "Жаңыл Мырза" поэмасынын ички пафосу, көтөргөн мазмуну каарманды даңазалоого, элдик романтикалык эстетикага негизделинип, мындай болгон учурда байыркы турмушту, бай-байбичени, күтүрөгөн жайлоону романтизациялоо өзүнөн-өзү келип жаралат. Чындыгында, К.Тыныстанов эски турмушту атайлап мактап, жаңы турмушту, советтик турмушту жокко чыгаруу максатынан эмес, тек гана автор өз чыгармасын жараткан учурдагы ал таянган эстетикалык фактордун табиятынан табийгы түрдө келип чыккан. Ал эми анын таянган эстетикалык фактору элдик поэзия, элдик мотив, элдик сюжет болгон.

Бирок, бул маанай өз учурунда түшүнүлгөн эмес, тескерисинче анын «Жаңыл Мырза» поэмасына өз учурунда, андан соң кийин да эски турмушту идеализациялаган деген саясий айып, күнөө коюлуп, жыйынтыгында өзүнүн ролун абдан жакшы ойногон.

К.Тыныстановдун интерпретациясында жаңы нота бар, ал баарыдан мурда Жаңылдын жан дүйнөсүнө басым койгондугу. Бул автордук акцент биринчи жолу кыздын жар башында туруп, "эрдин баарын бирден сынаган" сценада баамга урунат. Ички сезимдеринин драмасы жана трагедиясы логикалык тутумдаштыкка ээ деңгээлде чечмеленген. Анткени, ал канчалык баатыр аталбасын, даңкка ээ болбосун аял катары бактылуу болуудан кемип калууда. Ага өзүнүн намыскөйлүгү, макулдашууга бара албаган натурасы, мезгилдин шарты экендигин Жаңыл туура боолголойт.

Касым Тыныстанов тарабынан табылган сюжеттик, идеялык көркөм образдык чечилиш жана Жаңыл Мырзанын аялзаттык бактысынан заманынын, мезгилинин заң-шариатынан улам кур жалак

калып, трагедиялык тагдырды тандап алууга чыгынышы бул темага (сюжетке) кайрылган кыргыз калемгерлери тарабынан улам кийинки учурларда улантылып, тереңдетилип гана келди. Атап айтканда Кыргыз Эл акындары С. Эралиевдин “Жаңыл Мырзанын керээзи”, Т. Адышеванын “Жаңылдын элеси” аттуу поэмаларын атасак болот.

Чыгармачылык изденүүлөрүндө “Жаңыл Мырза” эпосунун сюжетине кайрылган деген ушул эки акындын көркөм тажрыйбаларында мындай аракет, башкача айтканда, фольклордук сюжеттерди иштеп чыгуу К.Тыныстановдуку сыяктуу биринчи жана акыркы жолу эмес. С.Эралиев “Жаңыл Мырзага” чейин “Ак Мөөр” сыяктуу элдик оозеки үлгүнүн сюжетинин негизинде поэмасын жаратканы белгилүү. Акын “Жаңыл Мырза” эпосунун сюжетиндеги линияларды, негизги окуяларды сактаганы жана “ээрчигени” менен финалын жогорку калемгерлерден башкача, күтүлбөгөндөй нукта бүтүргөн, так айтканда “Жаңыл Мырзанын керээзи” поэмасы оозеки варианттардан да, жазма нускалардан да кескин айырмаланып турат.

Ал эми Тенти Адышеванын “Жаңылдын элеси” поэмасында сюжеттик линияларды өңгөлөрдөн бир топ башкачарак нукта түзгөн. Ал чыгармасынын темасын да а тургай традициялуу “Жаңыл Мырза” деп аташтын ордуна “Мырза” дегенди алып салып, тике башкы каармандын аялзатына тиешелүү гана ысымы менен “Жаңылдын элеси” деп атоону туура көргөн. Автордук чыгармачылык максат эмнеге багытталганын ушундан боолголоого туура келет. Бирок каарманды сүйүүнүн кулу, курмандыгы сыпатындагы образдай окурманга сунуштабайт. Ал башкы каарманды эли үчүн, эркиндик үчүн тынымсыз күрөшкөн кайраткер катары сүрөттөйт, бирок экинчи жагынан жалгыз калган муңдуу образ катары сыпаттайт. Жаңылдын башынан өткөргөн окуялары эпостук окуяларды кайталагандай таасир калтырганы менен автордун иш жүзүндө бул сызыктарга башка жагынан пафос берүүгө ниеттенгени чындык. Жетимсиреп калган жерин, элсиз калган журтун көрүп кейишке баткан Жаңылдын элеси закымга айланып, жалгыздыкты жамынып, муңга батып, жер кезип жүрүү тагдырына тушуккандай символикалуу чечмеленген. Албетте, мында белгилүү даражада көркөм шарттуулук орун алган. Анысы менен автор поэмасындагы башкы образга идеялык тереңдик берүүгө жетишкен, аялдын бактысы үчүн болгон күрөш хронотоптук рамкага сыйбаган мезгил жана мейкиндик чектеринде улам жаңыланып, улам жаңырып туруучу түбөлүктүү маселелердин бири экендигин бекемдөөнү поэмасынын лейтмотиви катары алган.

“Жаңыл Мырза” эпосунун сюжетине кайрылган чыгармалар-

дын дагы бири Калкан Керимаалы уулунун “Жаңыл Мырза” аттуу дастаны (1996), бул дастандын окуясы башка поэмалардан окуянын башында эч айырмаланбайт, окуянын чечилиши гана башкача чечилет. Жаңылдын туткундан качканынан кийинки тагдырын сүрөттөгөн окуяларда орун алган, бул жерде Жаңыл куугунчулар менен кагылышта жараланып, жараты кабылдап кетип, эсинен танган учурунда минген аты Какшаалдын жолуна эмес, Кашкардын жолуна кайрылып кетет, тил ооздон калган Жаңылды Акун деген жигит таап алып, жыл бою багып карап, дарылап, айыктырат. Бирок мурдагыдай каруу күчтөн ажырап, жумушка жарабай калгандыктан өзүн элден жашырып, атын өзгөртүп, Акунга кедей болсо да мейли деп жар болууга макулдугун берет. Алар көп жылдар бирге жашаса да, балалуу болушпаганы аз келгенсип кедейчилик турмушта өмүр кечиришкен экен. Буга кошумча таанып коюшпаса деп кооптонгон Жаңыл паранжы жамынып өткөн деп берилет.

Автор өз максатын Жаңыл Мырзанын тарыхыйлыгын дагы бир ирет жеке табылгалары менен бекемдөө, далилдөө аракети деп түшүндүрүүгө аракеттенген, бирок, талапка ылайык мыкты чыгарма жаралган эмес.

Главада “Жаңыл Мырза” эпосунун генезиси тууралуу ойлорубузду ортого салдык жана элдик сюжет көркөм адабиятта кандай жаңылануута туштуккандыгы иликтенди. Ошондой эле, Жаңыл Мырзаны тарыхта жашап өткөн инсан катары санаган пикирлерде чындык болгону менен кыргыз баласынын жашоосунда жазма архивдик материалдар XX кылымга дейре болбогондуктан, аны толук түрдө тарыхый чындык катары кароого негиз жетишсиз. Себеби: ”Тарыхый чындык” деп тарыхта илим сыяктуу айтылган чындыкты атайбыз - бул чындыктын кандай болгондугун так айткан билдирүү. Автор бул билдирүүнү өткөн доордо болуп өткөн деп ишенет, такыр болбогондо, өзүнүн ишенимине башкалар да ишенишин каалайт. Бирок, өткөндүн фактыларынын баарын билүүгө мүмкүн эмес, кээ бир фактылар таптакыр белгисиз бойдон калат, так айтканда, фактылардын бардыгын, кайсы бир адам башынан өткөргөн, же жеке тагдырында башынан өткөргөн фактыларда табууга дегеле мүмкүн эмес, ушул себептүү өткөндүн кээ бир гана фактыларын табууга болот, ошондуктан коомчулук үчүн зарыл гана фактыларды жалпы сомосунан гана табууга мүмкүн” [Стеблин-Каменский М.И., 1984, с.248] – деп айтылгандай, кандай гана чыгарма болбосун, оозеки жана жазма түрүндө болобу анда ойдон чыгаруу орун алган болсо, ал “көркөм чындык” формасына жана категориясына өтүшү табигый маселе. Ошондуктан “Жаңыл Мырза

”эпосунун сюжетинде кыргыз элинин башынан өткөн тарыхынын, турмушунун “кичинекей чындыгы”, же фактысы бар болгонуна карабастан эпос эпикалуулук салтын толук бойдон сактоо менен өнүгүп жана калыптанган фольклордук чыгарма.

Биздин оюбузча, анын оозеки варианттыбы же профессионалдык адабияттагыбы, ар бир вариантта, ар бир чыгармада өзгөчөлүк бар, ошол эле мезгилде тарыхтын, мезгилдин элеси чагылып турат. Бул тууралуу проф. Р.З.Кыдырбаева: “Жаңыл Мырза” эпосунан биз Жаңыл аттуу кыздын тарыхта жашап өткөн, реалдуу душмандар (калмактар) менен күрөшкөндүгүн көрөбүз. Бирок эпос фольклорго да тиешелүү, анткени, эпос бир канча жылдан бери эле эмес, ондогон жылдар дагы эмес, жүздөгөн жылдардан бери жашап келип, бул мезгилдер аралыгында өнүгүп, өзгөрүп, өсүп биздин күнгө келип жеткен. Ошол себептүү, биздин күнгө келип жеткен кандай эпос болбосун өткөн доордун, жүздөгөн жылдардын, кылымдардын элесин алып жүрөт. “Жаңыл Мырза” эпосу да кыргыз элинин калмак баскынчыларына чейинки жана калмактардын кыргыздардын жерин баскандыгы мезгилин чагылдырышы бекеринен эместиги түшүнүктүү” - деген аныктамасын берген [Кыдырбаева Р.З., 1960, с.48.].

Дал ушул чындыкты эске алуу менен “Жаңыл Мырза” поэмасынын тарыхый негизи, тагыраак айтканда, Жаңыл Мырзаны тарыхый фигура санаган көз караштан жаралган сюжет менен оозеки адабиятка таандык болгон эпикалык формуланы колдонуу аркылуу жаралган эпостук варианттардын ички көркөмдүк жакындыктары жана айырмачылыктары, кимиси тарыхка, кимиси фольклордук мотивге жакындыгы главада такталып, баасы берилди. Ошондой эле, профессионалдык адабиятта элдик көркөм мурас калемгерлер тарабынан кандай пайдаланылгандыгы, ким кайсы вариантты алгандыгы, жазма адабияттын өкүлдөрүнүн бири-биринен айырмачылыктары, изденүү пафостору көркөм чыгармалардын мисалында талданды.

**Экинчи глава “Жаңыл Мырзанын образынын элдик варианттардагы түзүлүшү жана трансформацияланышы” деп аталып** Жаңыл Мырзанын образынын элдик эпостордогу жана профессионалдык адабияттагы түзүлүшү талданып келип, образга интерпретация берүүнүн эки жолу: эпикалык салттуу жана профессионалдык ички жана психологиялык формалары салыштырылып тактоого арналган. Изилдөөдө элдик чыгармаларда образдын баатырдык белгилерине басым ташталса, профессионалдык адабиятта ар кыл маанайдан каралгандыгы, айрыкча, XX кылымдагы кыргыз коомундагы социалдык-маданий, экономикалык өзгөрүүлөргө байланыштуу аялдар

эмансипациясы деген проблемага ык салуунун орун алгандыгы кеңири жана терең талданды. Бирок, Жаңыл Мырзага кайрылган бардык эле чыгармаларда мезгил талап кылган бул темага кайрыла беришкен эмес. Маселен мындай ашкере идеализациядан XX кылымдын 20-жылдарында жазылган Касым Тыныстановдун поэмасы таптакыр айырмаланып, өзгөчөлөнүп турган жана кийин бул темага кайрылган авторлор үчүн көркөм-эстетикалык таяныч, үлгү болгондугу илимий жыйынтыктын негизинде чыгарылат жана көркөм чыгармалардагы образдарды талдоону камтыйт.

Эпос катары элге белгилүү болгон варианттарда Жаңыл Мырзанын образына карата мамиле да негизинен анын позитивдүү сапаттарына басым коюу орун алган. Бул баарыдан мурда анын эр жүрөк, элин, жерин сүйгөн, коргогон, намыскөй экендигинен көрүнөт. Тоголок Молдонун вариантында тек жайы тууралуу маалымат берилбейт. Акын анын «эрлерден эч ким жеңбегендигин», «алты шаарды айланган, кылычын кыя байланган, жоо бөрүсү баатыр кыз” деп сыпаттайт. Аны аламын деп келгендердин үйүн кайра көрбөй канчасы жайрагандыгын, «мени ала койчу ким» деп «кыйла жанды ыйлатканын» айткан. Булардын катарында Кашкардын каны Кантурсун, Үлбүрчөк, Бургуйлардын жана Жаңыл Мырзанын жаачы экендигин айрыкча элестүү берилет.

Ал эми анын аялзаты катары келбетин берүүдө Тоголок Молдо негедир сөзгө сараң болуп, башка айтуучулардан айырмаланып анча кеңири сүрөттөгөн эмес.

А.Чоробаев мындан айырмаланып, “демейки шаблондук мүнөздөмөлөргө” алдырып жиберип, Жаңыл Мырзанын асемин, сулуулугун, сымбатын, келбетин гиперболизациялап, көтөрмөлөп сүрөттөп, башкалардан айырмаланган маалыматты берет. Анда Жаңылдын эл башкаруучунун тукумунан болбостон, кадимки “букара байкуш Жагоонун” кызы экендиги тууралуу эч бир вариантта кезикпеген факты берилет. Буга чейин маани берилбей келген дал ушул факты Түлкү баатырдын эмне үчүн көңүлү түшүп жактырган баатыр кызга жылкысын тийип мамилесин билдирүү жолун тандап алгандыгынын себебин таап берет. Анткени, өткөн мезгилдин салты боюнча тектүү жердин балдары Үчүкө, Түлкү өздөрүнө барабар жерден кыз алышмакчы болушса, каада-салтты сактап, жуучу жиберип, куда түшүп бармак. Бирок Жаңыл “букара байкуш Жагоонун” кызы болгондуктан анын кыйырын бузуп, элин чаап, жылкысын тийип, баш ийдирип, анан гана алуу ылайыктуу-деп чечишкен.

А.Чоробаевдин вариантындагы баатыр кыздын социалдык тегине коюлган басым, кандайдыр бир даражада башка варианттарда учураган образдардын иш аракеттерине кыйла маани сыйдырган, сюжеттердин кийинки татаалданышын, ачык чыңалышын шарттаган, буга чейин көмүскө түрдөгү мотивден десек болот.

«Жаңыл Мырза» темасына арналган Калкан Керималы уулунун чыгармасы (өзү айткандай вариант дейбизби, белгисиз) Жаңыл Мырзанын образын түзүү маселесинде көркөмдүктүн элементтери дээрлик сейрек. Автор толук бойдон окуя куучулука азгырылып, сюжет курууга бир жактуу мамиле жасаган.

Ал эми Касым Тыныстан уулу «Жаңыл Мырза» поэмасында кыз баатырдын сырткы келбетине анча басым койбойт. Анын ордуна автор эпостук сюжетте орун алган эпикалык окуяларды пайдалануу менен бирге башкы каармандын ички дүйнөсүнө жаңыча өнүттөн мамиле жасоонун үлгүсүн көрсөткөн. Эпостогу окуялардан айырмалуу поэмада Жаңыл Мырза аны алабыз деп келип көрсөткөн зордугунун айынан анын жебесинен курман болгон Үчүкө, Түлкү баштаган баатырларды жерге койдуруп, күмбөз тургузбайт. Эпосто Жаңылдын адамгерчилик сапатын оболотуу ниетинде төрт (кээ бир варианттарда алты) баатырды мусулманчылык жол-жобосу менен жерге берип, күмбөзүн салдырган болот. К.Тыныстанов поэмасында эпостук схеманы ээрчибестен, бул линияны башкача ыңгайдан карап өнүктүргөн, Жаңылдын жеке өзүнүн жана ага карата менменсинүүдөн жасалган кемчилик иштердин натыйжасын көркөм билдирүү максатында финалды ого бетер трагедиялуу жыйынтыктайт.

Жаңыл Мырзанын образы С.Эралиевдин «Жаңыл Мырзанын керээзи» поэмасында толукталган. Жаңыл Мырзанын портретин көркөм түзүүдө башкаларга салыштырмалуу сырткы келбетине айрыкча маани берген, образдын сырткы деталдарын ал психологиялык жагдайы менен айкалыштыра алган, анын турпатында өчпөгөн кайраты (көзүнүн кындан суурган кылычтай таасири), аялдык келишимдүү келбети, ажары, сынынан кетпегендиги даана, ачык берилген. С.Эралиев кыргыз салтында кыз балага берилүүчү Жаңыл ысымын көптөгөн варианттардан, көркөм чыгармалардан айырмалуу чечмелеген. Башка варианттарда учурабаган бул деталдын («Жаңыл алты кыздын бири болгон») Эралиевдин колдонушу башкы каармандын Жаңыл Мырза аталыш себебин так чечмелөөгө жол берет.

Ал эми айтуучулар тарабынан түзүлгөн варианттарда оозеки чыгармаларга мүнөздүү болгон эпикалык салттуулук кээде ыксыз, кээде орундуу колдонулгандыгын белгилөө керек. Окумуштуу Ж.Су-

ванбеков «Жаңыл Мырза" эпосунун төрт варианты бар экендиги белгилеп, (Тоголок Молдонун, А.Чоробаевдин, Ы.Абдрахмановдун варианттары жарыяланган, М.Мусулманкуловдуку кол жазма деп берилген) варианттардын ар биринин өзгөчөлүккө, ошол эле мезгилде жалпылыкка ээ экендигин ар тараптуу караган да, варианттардын арасынан М.Мусулманкуловдун вариантын оригиналдуу деп эсептеген [Суванбеков Ж., 1970, 269 б.]. М.Мусулманкуловдун вариантынын оригиналдуулугу эмнеде?- деген суроо туулат. Бир караганда окуялардын ички өнүгүшүндө жалпылык бардыгын эч ким тана албас. Бирок: «Мусулманкуловдун варианты көп жагынан жогоруда көрсөтүлгөн варианттар менен үндөшүп кетет, биздин оюбузча анын «Жаңыл Мырза» эпосу байыркы формасында сакталган; бул вариантта эпикалык традиция кеңири жана бекем сакталган; ошондуктан көрсөтүлгөн эпос эпостун өмүр сүрүшү тууралуу тарыхын тактоодо изилдөөчүлөр үчүн баалуу материал болот» - деп, белгилүү манастаануучу Р.З.Кыдырбаева варианттын өзгөчөлүгүн башкача берген [ Кыдырбаева Р.З., 1960, с. 6]. Мындан эки адабиятчынын бир проблемага эки башка мамилесин байкоого болот, Р.З.Кыдырбаева «эпикалык традициялардын көбүрөөк өлчөмдө сакталышы деги эле эпостун өмүр сүрүшүн тарыхын аныктоого» негиз болуучу фактор катары санаса, Ж.Суванбеков «эски белгилерди көп сактаган жана кийинки өзгөртүүлөргө учурабаган оригиналдуу вариант» сыяктуу корутунду чыгарат. Мүмкүн, биздин оюбузча, «Жаңыл Мырза» сюжети кийин гана жаңыланууга дуушар болгондуктан М.Мусулманкулов вариантынын көркөмдүк деңгээлин көтөрүү максатында даяр мотивдерди, эпикалык традицияларды пайдаланган чыгар.

Т.Адышеванын «Жаңылдын элеси» поэмасында колго түшүү сценасы жогорудагы варианттарга жакындашат. «Кылчайып карап алып кайра салганынын» өзүндө Абылдын бешенесиндеги өзгөчөлүктү Жаңыл байкап, аны аягандыктан колго өзү түшүп бергендигин подтекст менен түшүндүрүүгө аракеттенип, сюжеттик мотивди баарынан мурда дал ушул өзөккө бурган.

С.Эралиевдин «Жаңыл Мырза жана Шырдакбектин боз жорго» поэмасында Т.Адышеванын чыгармасынан айырмалуу Жаңылдын колго түшүү сценасы артынан колу кечиккенден жана саадагындагы огу түгөнгөндөн деп баяндалат. Анда акын басымды каармандардын психологиялык жагдайына койгондуктан, башкы фигуранын иш-аракеттери менен катар берки варианттагы кирди-чыкты роль ойногон кейипкерлердин сюжеттик функциялары кеңигендигин байкоого болот. Бул поэма башка чыгармалардан айырмаланып, абдан

көркөмдөлүп, коолдолуп, шөкөттөлүп жазылган, поэманын сапаттарынан акындын кооздук, сулуулукка болгон мамилеси, мүнөз түзүү, сюжет куруу ыкмасында көркөм ачылгалары, жеке табылгалары айкын көрүнүп турат.

Профессионалдык адабиятта бул сюжетке кайрылууда эпикалык үлгүдө учураган «сыноо» жана «өч алуу» же «кун алуунун» жолун издеген мотивдер колдонулбайт. Жогоруда эскерилгендей, оозеки варианттарда Жаңылды колго түшүрүлгөндөн кийин (кордоо, өлгөн эрлердин өчүн, кунун алуу максатындагы) жүрөктөгү жалынын өлтүрүү пикирлеринен улам жолборс менен алыштыруу жана башка сценалар киргизилген болсо, жазма адабиятта каармандын ички дүйнөсүн ачууга, мезгил-чөйрө, мезгил-каарман, мезгил-коом карым-катыштыгын реалисттик боёк менен берүү камылгасы жолугат. Бул камылганын башатында К.Тыныстановдун айтылуу «Жаңыл Мырза» поэмасынын сюжеттик линиясы, интерпретациясы турат.

Айтмакчы, Жаңыл-Абыл окуясын К.Тыныстанов сюжетте алгачкылардан болуп ийгиликтүү колдонгон.

Камынтпай кармамакка эл Жаңылды,
Кыйкырып ыраан салып, көп жабылды.
Абылды Жаңыл Мырза тааный салып,
«Аттиң ай!.. болбос, болбос» деди дагы.
Канжарын таштап колдон жаасы менен,
Талашкан чылбыр эркин атын тартты.
Болгонун аңгеменин көргөндөн соң,
Дардыгып Жаңыл колу кайра качты [Касым, Тыныстан уулу,1991, 45 б.].

Айтылгандай, Абыл оозеки болсун, жазма адабияттагы болсун Жаңыл Мырза темасына байланыштуу сюжеттерде маанилүү фигура катары көрсөтүлөт. Анын катышуусу Жаңыл мырзанын тагдырына, эр жүрөктүк, эл жерин коргоо үчүн жүргүзүп жаткан намыскөй иш-аракеттерине негедир бөгөт болуп, энелик сезимдерин кайсы кырдаалда болбосун ойготууга алып келет. Бул Абылдын Жаңыл Мырзанын колунан шакегин амал менен алганда болобу, кан майданда атынын чылбырына колу жеткенде болобу, айтор, кандай гана кырдаалда болбосун Абылды көргөндөн соң Жаңыл Мырза токтоп калат. Саймакка камынган Жаңыл Мырзанын колунан «канжары менен жаасы кошо түшүп» анын эркине багынып бериш мотиви профессионалдык адабиятка оозеки үлгүлөрдөн тике кирген мотивдерден, сценадан экенин таанууга болбойт. Анткени, элдик оозеки үлгүлөрдө Жаңыл Мырзанын Абылды бир көргөндө эле

келечеги тууралуу түкшүмөлдөп, жылдызын жалп өчүрбөй, аягандан улам анын эркине моюн сунгандыгы берилет. Бул окуянын жандырмагы, өз бетинче трактовкасы К.Тыныстановдун жана Т.Адышеванын поэмаларында баатыр кыздын энелик боорукердиги, энелик жүрөгү жана кыргыздын келечеги болгон баатыр жигитке элинин тагдырын ойлоп кол көтөрө албагандыгын ачып көрсөтүү максатында колдонулган.

Ал эми С.Эралиевдин поэмасында Жаңыл Мырза майдан талаасында саадагында огу түгөнүп, айласы куруганда колго түшөт, так айтканда жогорудагы авторлордун сүрөттөөсүндөгүдөй, же кээ бир айтуучулардын айтуусундагыдай өзү колго түшүп бербейт. Көрүнүп тургандай, ар бир башка автордо ар башкача сүрөттөлгөн. Ырас, оозеки үлгүлөрдөгү басым башкы каармандын баатырдык сапаттарына жасалса, профессионалдык адабияттагы чыгармаларда анын ички дүйнөсүндөгү психологиялык чыңалууларга оошкон. Натыйжада К.Тыныстановдун, С.Эралиевдин, Т.Адышеванын поэмаларындагы башкы каармандын трагикалык финалын ушундай максаттарга байланыштуу гана түшүндүрүүгө болот.

Эпос катары элге белгилүү болгон варианттарда Жаңыл Мырзанын образына карата мамиледе негизинен анын позитивдүү сапаттарына басым коюу орун алган. Бул баарыдан мурда анын эр жүрөк, элин, жерин сүйгөн, коргогон намыскөй экендигинен көрүнөт, анан албетте фольклордук чыгармаларда кеңири колдонулчу гиперболалык, туруктуу сүрөттөөлөр пайдаланылат. Ал эми профессионалдык жазма үлгүлөрдө белгилегендей, башкы каармандын ички дүйнөсүнө аял пендесинин, аял баатырынын өз мезгилинен мурда жашап, (Т.Аскаров) өзү жашаган мезгилдин коомдук пенделик конфликтерин чагылтууга айрыкча басым коюлат. Бул акцент К.Тыныстановдун, С.Эралиевдин, Т.Адышеванын поэмаларында эле жакшы чыкпастан А.Рыскуловдун “Жаңыл Мырза жаңылганда” (1988) ырында да орун алган, белгилеп коер нерсе, А.Рыскуловдун бул ыры көлөмү жагынан он сегиз гана строфадан турганына карабастан эч бир же оозеки эпостордун варианттарында, же санжырада, же профессионалдык адабияттын үлгүлөрүндө учурабаган сюжеттик өнүгүшкө, чечилишке ээ.

Ошентип, “Жаңыл Мырза” кенже эпосунун башкы каарманынын образын профессионалдык адабиятта түзгөндө ар бир автор өз чындыгын бергенге аракеттенишкен, мына ушул жерден ар бир автордун образ түзүүдөгү айырмачылыктары, жеке салымдары тууралуу айтылган пикирлерге токтоло кетсек, маселен, XX кылымдын биринчи жарымында «Жаңыл Мырзанын» сюжетине эң биринчи-

лерден болуп кайрылган Касым Тыныстановдун чыгармачылык тажрыйбасы баарынан өнүмдүү чыккан деп айтсак болот. К.Тыныстанов Жаңыл Мырза тууралуу эл оозунда айтылып жүргөн аңыз кептин негизги түйүнүн алган да, профессионал поэзиянын көркөм талаптарына ылайык ага кайрадан «жан киргизген» жана фольклордук материалды алдына койгон чыгармачылык максатына жараша билгичтик менен пайдаланган. Анын Жаңыл Мырзанын образын жараткан мына ушундай ийгилиги, тагыраак айтканда, интерпретациясы XX кылымдын 1970-1990-жылдарында бул темага, сюжетке, образга кайрылган башка кыргыз акындары үчүн көркөмдүк плацдармына айлангандыгын анализ көрсөттү.

**Үчүнчү глава «Жаңыл Мырза» эпосунун драма жанрында кайрадан жаңырышы" деп аталып, иштин негизги бөлүгүн** К.Маликов менен А.Куттубаевдин "Жаңыл Мырза" пьесасы жана Э.Эрматовдун "Жаңыл Мырза" драма-поэмасы түздү. Иликтөөнүн жүрүшүндө кайсы автор кантип бул элдик чыгармага кайрылгандыгын, кайрылуу максаты жана кимдики алдыңкы, мыкты деген атка жооп берет деген суроону чечмелегенге аракет көрүлөт жана кыргыз драма жанрында да «Жаңыл Мырза» эпосунун сюжетине кайрылуу орун алгандыгын кароо түзөт. Эпоско кайрылуу Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында кайрадан башталган, биринчилерден болуп согуш мезгилинде К.Маликов менен А.Куттубаев "Жаңыл Мырза" драмасын жазышып, Жаңыл Мырзанын образын профессионалдык адабиятта иштеп чыгышкан да чыгармачылык жеңишке жетишишкен, албетте, авторлордун табийгы талантына, сүрөткерлик чеберчиликтерине жана элдик поэзияга болгон мамилелери менен шартталган.

Жаш адабияттын жаш жазуучуларынын аң-сезиминде фольклор сөзсүз түрдө жашайт, бирок муну менен бирге табигый талантын ачууга да тийиш, бул кубулуштан эч бир жазуучу чыгып кете алышкан эмес, мунун бир мисалы катары Куттубаев менен Маликов да "Жаңыл" драмасын жазууда фольклордук эстетикага жакын турушуп, бирок жазуучу катары жазма адабияттын талаптары менен жазуучулук таланттарын ача алышкан.

Драманын финалы элдик оозеки чыгарманын финалынан таптакыр башкача, мында Жаңылдын карапайым элдин бириккен күчүнүн аркасында бошотулуп, жаңы эмгекчилердин салтанаты, биримдиги бийиктеген нота менен көшөгө жабылат. Ошентип, «Жаңыл Мырза» эпосунун сюжетине кайрылган алгачкы драмалык чыгарма эпостун негизги окуясын сактагандай сезилгени менен андан

оргиналдуу чечилиштери, образдык табылгалары менен айырмалуу болгон. Эпостук варианттарда жана поэмаларда трагедиялык чечилиш негедир түшүнүктүү болуп, идея алдыңкы планга чыгарылган. Драманын аякталышы башкача, мунун себеби, авторлор, албетте, К.Тыныстановдун «Жаңыл Мырза» поэмасынын сюжети менен тааныш болушкандыгы менен чечмеленет. Маселен, Жаңылдын Түлкүнүн бейити үстүндөгү монологу, ички сезими, сүйүүсүнүн жоопсуз да, орунсуз да чечилиши тууралуу ой толгоолору берилген сценалардын типтештигинин генезиси К.Тыныстановдун поэмасынын негизинен, сюжеттик чечилишинен, пафосунан азык алгандыгы менен ачылат. Мындай көрүнүш Улуу Ата-Мекендик согуштун, учурдун талабынын тике туундусу болуп саналат. Албетте, «Жаңыл» драмасындагы кемчиликтер тактап айтканда каармандын образын ачуудагы «Экинчи пландын» жоктугу, башкы басымдын тышкы кагылыштарга коюлуп, алар аркылуу образдардын динамикасын ишке ашыруу сыяктуу аракеттер авторлордун эмес, баарыдан мурда XX кылымдын 50-жылдарынын соңуна дейре кыргыз драматургиясындагы көркөмдүк, чеберчилик, тажрыйбасынын кем-карчтыгы өңдүү факторлордун туундусу экендиги өзүнөн -өзү ачылып отурат. Ошондой болгон күндө да К.Маликов менен А.Куттубаевдин «Жаңыл» драмасы «Жаңыл Мырза» эпосунун сюжетин драматургия жанрында биринчи иштеп чыккан үлгү болуп саналат жана бул темага, сюжетке, образга кайрылуу фактылары ушу күнгө чейин дээрлик жок, азыркы күндө, ушул сыяктуу драмалардын мыкты үлгүлөрүндө кезикпейт, бирок, бирин-экин учкундар пайда болууда, ушундай чыгармалардын бири Эгемберди Эрматовдун «Жаңыл Мырза» драма-поэмасы.

Э.Эрматовдун «Жаңыл Мырза» эпосуна жаңы өңүттөн мамиле жасоого аракеттенгендиги чыгармасынын жанрдык аталышынан эле билинүүдө. Бирок бул чыгарманы толук, же таза түрүндөгү драма, деп айтууга болбойт, автор чыгармасынын композициясын драмалык элементтер менен жабдыганына карабастан, лиро-эпикалык жанрдын элементтерин колдонгону ачык байкалып турат. Ошондуктан, бул чыгарманы драма-поэма деп кабылдоо жана атоо жөндүү.

Драма-поэманын биринчи эле эпизодунан: «ээн талаа, жол боюнда өскөн жалгыз түп даракты» көрөбүз да, анын түбүнө келип эс алууга кыңайган эки адам менен таанышабыз. Бири-Туяк акын, мурдагы аты Дыйканбай болсо, беркиси Туйгун, анын багып алган баласы.

Э.Эрматовдун драма-поэмасындагы Туяк акындын аткарган функциясы да Жаңыл Мырза темасына арналган чыгармалардын

прологундагыдай баатыр кыздын тагдырын айтууну максат кылган. Э.Эрматовдун көркөм чеберчилигинде акын чалдын образынын аркасында акын чалдын образынын ассоциациясы жаралган деп тике айтууга туура келет. Ал эми К.Тыныстановдун лирикалык каарманы «мендин функциясын кандайдыр бир даражада акын чалдын багып алган уулу Туйгун кайталап тургандыгы менен аныкталат. Туйгундун көркөмдүк ролу муну менен гана аяктабайт, аны автор активдүү анархиялык позицияга алып чыгуу менен Туяк (Дыйканбай) акынга карата, анын жазасын аныктаган өкүм чыгаруучу милдетти да таккан. Бул роль ага К.Тыныстановдун поэмасындагы кары комузчу (өткөн мезгил) мезгил символикалык мүнөздөгү каармандардын таасири астында ыйгарылган. А драма-поэмада Жаңылдын эли-жеринен кетиши үчүн негизги себепкер дал ушул акын чал болуп чыгат. Анын нечен жыл мындай оор кылмыштуу «былыгын ичине катып жүргөнүн билген» уулунун реакциясы, ошентип, таптакыр күтүлбөгөндөй чечилиш менен билдирилет.

Эки башка мезгилде, эки бөлөк коомдук кырдаалдарда жазылгандарына карабастан булардын эпилогдук да, прологдук да бөлүмдөрүндө окшоштой идея орун алып турат. К.Тыныстановдун поэмасында «ал өңдүү жыргал күндөр жылас болду, күңгүрөн долу комуз «муңкан, муңкан»деп аяктаган саптар менен автор кайрылгыс «эркиндеп кимдер көчүп, кимдер конгон» замандагы мезгилге карата болгон идеализациялык баасын билдирип, эркин мезгилдин кайтпастыгына өкүнүчүн тымызын формада билдирүүгө батынат. Ошондой эле, поэмадагы Жаңылдын образын түзүүдө анын баатырдыгы, жаа тартуу жагынан алдына эч кимди чыгарбаган устаттыгы даңазаланат, экинчи жагынан акылман аял, аялдан чыккан белгилүү инсан, дал ушул эки сапаты аны өз заманынан озуп кеткен инсан катары алдыга чыгарган жана өз заманы менен келишпөөгө алып келип, трагедияга капталткан. Жаңылдын дал ушул касиет-сапат автордун өзүнүн мүнөзү менен да үндөшүп кетет.

Ал эми эгемендүүлүк келди деген учурда жазылган Э.Эрматовдун «Жаңыл Мырза» чыгармасында ой мезгил менен танаапташ болууга умтулушту камтуу аракетине ээ. Мында да өткөн мезгил акын чалдын образы аркылуу, анын ичине нечен жылдар катып келген былыгы билингенден кийин кетүүгө, так айтканда, суверендүү болууга далалатын билдирген азыркы учурдун персонификацияланган образы параллель чыккан. Акын чал (Туяк-Дыйканбай) биринчи каралган поэмадагыдай символдук маани алып жүрүү менен эле чектелбейт. Ал драманын сюжеттик чыңалуусунда образ-

символдон конкретүү каарманга айланып, окуянын драматизмин курчутууга маанилүү салым тийгизгендердин бири. Окуя элдик оозеки эпостук варианттардагы да, профессионалдык үлгүдөгү да чыгармалардын сюжеттинин бир топ айырмалуу башталганына карабастан кульминациялык жана чечилиш моменттеринде мурдагыларга үндөш, а тургай алардын адабий таасиринде жазылгандай пикир жаратат. Э.Эрматовдун бир өзгөчөлүгү Жаңылдын Курултай өткөрөм деп жер-жерлерге кабар жибериши, мына ушундай өзгөчөлүгү менен Жаңыл Мырзанын образы бул чыгармада уруучулдук-патриархалдык баскычтыгы каарман катары эмес, бүтүндөй кыргыз урууларына кадыры арткан, ал тургай кадыры сиңип, эрдиги даңазаланып калган эпикалуулукка ээ каарман сыңары чагылдырылган. Мына ушуну менен Э.Эрматов эпостук каарманга өзүнө чейинкилерден башкача өңүттөн мамиле жасоого дитин койгон деп корутунду чыгарууга болот. Эгерде «Жаңыл Мырза» эпосунун бардык варианттарында Жаңылдын кыз катары Түлкүгө карата жактыруу сезими болуп, анысын ал Түлкүнүн кесирлүү сөзүнөн кийин четке кагып, а Түлкү баатырга жебесин тартканы орун алса, бул чыгармада «Жаңыл Мырза менен Түлкү баатырдын ортосундагы андай купуя сезимдер берилбейт, муну калемгердин өз алдынчалы десек да болот.

Ошондой эле, Жаңылдын сырткы көрүнүшү сүрөттөлөт тагыраак айтканда, портрети тартылат, маселен Долгурдун Жаңылга «кудай талаа өң-түс берип» деген сыяктуу сөздөрү менен Жаңылдын образын эпикалык образ катары гана эмес, аялзаттык сулуулугуна да баа берип, бардык жагынан толук сүрөттөгөнгө аракеттенген. Дагы бир айырмачылык: окуялардын чиелениши буга чейинки үлгүлөрдөн башкачарак, маселен, бул чыгармада Жаңылдын кыргыз урууларынын башын бириктирүү максатында курултай өткөрүүгө даярданышы (мындай сюжет эч бир вариантта, эч бир чыгармада жок), Түлкү баатыр (автор Түлкүнү баатыр деп берген) менен болгон кагылышын кыскача сүрөттөлүшү, калмак каны Долгурдун кол салуусунун аркасында жана Жаңылдын туткундалышы ички чыккынчылыкты сүрөттөөгө кеңири убакыт бөлөт. Чыгарманын аякташы да башка чыгармаларга окшобойт, окуянын апогейи болгон Жаңылдын туткундан качып чыгышы да башкача сюжеттик курулушта курулган, Жаңыл жамбыга жебеси тийгенден кийин баш байгеге коюлган он миң жылкынын ордуна өзүнүн боз жоргосун сурап алып, элине качат. Белгилеп өткөндөй, Э.Эрматов «Жаңыл Мырза» чыгармасын жазууну самаганда башкы каармандын оозеки варианттардагы да, профессионалдык адабияттагы үлгүлөрүндө да

буга чейин колдонулбаган мотивдерди, трагедиялык жагдайларды драмалык чыңалышта берүүнү болжолдогон. Бирок, Жаңыл Мырза темасына байланыштуу жазылган чыгармалардагы, оозеки варианттардагы белгилүү мотивдер, чечилиштер эрксизден колдонулуп, кээде схематизмге айланган.

Демек, Э.Эрматов да эпоско таандык сюжеттик өнүгүштү кандайдыр бир деңгээлде өзгөрткөн эмес. Бир учурда чыгармачылык максатына, идеясына жараша кайсы бир окуя, мотивке басым коюу менен интерпретациясын берсе, башка бир учурда аны жалпы сюжетке деталь, штрих иретинде гана камтыган. Сүрөткер Жаңылдын башка чыгармалардагы туткундан качып келгенден кийин элинен кетүүгө мажбур болгон чакта аны мурдатан сүйүп жүргөн Элдияр Жаңылды ээрчип, жүрөгүндөгү оюн билдирет, окуянын дал ушундай өңүтү аз да болсо окуянын башкача өнүккөндүгүн далилдейт. Мына ошону менен Эгемберди Эрматов өзүнүн жеке «Жаңыл Мырзасын» жаратып, аз да болсо башка сүрөткерлерден айырмалана алды жана «Жаңыл Мырза» эпосунун эстетикалык сабактары элдик поэзиянын мотивдери жана салттары эч качан наркын жоготпостугу, ал улам жаңы адабий шарттарда кубулуп өзгөрүп, жаңы мазмунга ээ болуп турарын далилдеди.

“Жаңыл Мырзанын” сюжетинин жана образынын профессионал-дык адабиятта кайрадан иштелиши К.Тыныстановдун ысымы кыргыз адабиятынын тарыхынан “чийилип, караланып” калгандан кийин К.Ма-ликов А.Куттубаев менен бирдикте жазган “Жаңыл” пьесасы болгон-дугун жогоруда айтып кеткенбиз. Чындыгында К.Маликов менен А.Куттубаевдин драмалык үлгүдөгү чыгармасы мезгил талабына ыла-йык иштелип, ошол эле учурда көркөмдүк, образдык жана идеялык жагынан алып караганда өз мезгилинин көркөм фактысы катары сана-лууга тийиш. Ал эми салыштырма типологиялык багыттагы изилдөө көрсөткөндөй Э.Эрматовдун “Жаңыл Мырза” деген драма-поэмасы бул темага кайрылган көп чыгармалардын образдык, идеялык деталдык мотивин тигил, же бул деңгээлде кайталаган чыгарма бойдон калган.

Жыйынтыктап айтсак, кыргыз эл оозеки чыгармаларына кайры-луу 20-жылдардан тартып тереңине жана бийиктигине карай өсүү жо-лунда бараткандыгына ишендик. Бирок “Жаңыл Мырза” эпосуна кайрылуунун жыйынтыгы башкача болгондугу, алгач ирет кадам таштаган Касым Тыныстановдун “Жаңыл Мырза” поэмасы андан кийинки жаралган поэмалардан көркөм-эстетикалык ачылгасы, идеялык мазмуну жагынан астыга кеткендиги автордун чеберчилигинин натыйжасы экендиги илимий изилдөөнүн негизинде ачылды. Бирок

драма жанрында бул көрүнүш жакшы ишке ашпай жаткандыгы К.Маликов менен А.Куттубаевдин “Жаңыл” драмасы жазылганына жарым кылымдан ашса да ушул мезгилге чейин андан ашкан мыкты драманын жаралбай жаткандыгына күбө болдук.

Ишибиздин жыйынтыгында төмөнкүдөй корутундуга токтолдук.

1. Кыргыз профессионалдык адабиятында “Жаңыл Мырза” темасына кайрылган чыгармаларда башкы каармандын эрдиктерине оозеки варианттарга салыштырмалуу басым дээрлик коюлбайт. Эпостук чыгармаларга мүнөздүү болгон гиперболизация, эпитеттер, кереметтүүлүк сыяктуу нерселерден тыш. Буларда негизги акцент башкы фигуранын ички дүйнөсүнө берилип, реализацияланбай калган махабаттын муңу, жалгыздык менен өткөн кейиштүү тагдырына коюлат.

2. “Жаңыл Мырза” эпосунун оозеки жаралган варианттары менен жазма адабий варианттар жалпылыкка жана айырмачылыкка ээ.

3. Эпостогу профессионалдык адабияттагы фольклор менен тарыхтын карым-катышы окумуштуулардын маалыматтары менен такталды.

4. “Жаңыл Мырза” аттуу чыгармаларда эпостун баатырдык белгилеринин сакталып калгандыгы мисалдар менен далилдөөгө аракеттер көрүлдү.

5. «Жаңыл Мырза» эпосунун өзөктүк окуясы, мазмунунун өзгөчөлүгү, каармандарынын баяндалышы, сюжеттик курулуш структурасы, көркөм-каражаттык ыкмалары жазма адабияттын үлгүлөрүндө да сакталып калгандыгы илимий изилдөөлөр менен такталды.

6. Поэмаларда салттуу окуялар, мотивдер кайсы жазуучуда сакталып калгандыгы, кээ бир чыгармаларда алымча-кошумчалар менен берилгендиги, жазуучулардын бири-биринен айырмачылыгы тууралуу иликтөөлөр жүргүзүлдү.

7. Эпостун салттуу окуяларынын жазма адабий үлгүлөрдө сакталышы жана алардын кайсы автордун чыгармасында жакшы берилгендиги илимий негизде талданып келип, эпоско биринчи болуп киришкен К.Тыныстановдун поэмасынын деңгээлинин жогору экендиги такталып берилди.

8. Изилдөө максатына ылайык эки аспектиде жүрдү: адегенде “Жаңыл-Мырза” эпосунун варианттык айырмачылыктары, айтуучулардын жеке табылгалары кандай болгондугуна токтолуп, андан кийин кайсы вариант чындыкка жакын келгендиги, кайсы

жазуучу кайсы вариантка кайрылгандыгы, варианттык окуялар көркөм чыгармаларда сакталганбы, кимиси кандай көркөм дүйнөнү жана Жаңыл Мырзанын образын кандайча жаратkандыгы талдоого алынды.

**Диссертациялык иштин темасы боюнча жарык көргөн макалалар:**

1.Андашова, А.К. “Жаңыл Мырза” эпосуна кайрадан кайрылганда [Текст] / А.Андашова. // Эл агартуу. – 2007. - №3;4. -14-19-б.

2. Андашова, А.К. Жаңыл Мырза сюжетине жазма адабиятта кайрылуу маселелеринен [Текст] / А.Андашова. // БГУнун жарчысы. - 2007. - №1 (7). -146-148-б.

3. Андашова, А.К. Жаңыл Мырзага салынган алгачкы чыйыр [Текст] / А.Андашова. // Эл агартуу. - 2008. - №9;10. - 70-75-б.

4. Андашова, А.К. Элдик сюжетке профессионал адабиятта кайрылуу жолдору (“Жаңыл мырза” эпосунун мисалында) [Текст] / А.Андашова. // Эл агартуу. - 2008. - №11;12. - 58-63-б.

5. Андашова, А.К. Турмуштук окуяга тарыхыйлык жана көркөмдүк мамилелер [Текст] / А.Андашова. // И.Арабаев атындагы КМУнун жарчысы. - 2010. - №3;4. - 186-189 - б.

6. Андашова, А.К. Жаңыл Мырза сюжети драматургияда (1-макала) [Текст] / А.Андашова. // Социальные и гуманитарные науки. - 2010. - №3;4. -212-215-б.

7. Андашова, А.К. Жаңыл Мырза сюжети драматургияда (2-макала) [Текст] / А.Андашова. // Наука и новые технологии. - 2011. - №1. - 273-27-б.

8. Андашова, А.К. Жаңыл Мырза сюжети драматургияда [Текст] / А.Андашова. // И.Арабаев атындагы КМУнун жарчысы. – 2011. - №1 (2). -150-153-б

**Андашова Айнура Каныбековнанын «Жаңыл-Мырза» эпосунун профессионал адабиятта көркөм иштелиши» деген темадагы 10.01.01. – кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык**

**ишинин**

## РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр:** эпос, генезис, образ, кайрадан жаңыруу, фолклордук сюжет, варианттык өзгөчөлүк, баатыр кыз, эпикалуулук, сапаттык көрсөткүч, салттуулук, интерпретация, автордук идея, чыгармачылык өзүнчөлүк, трактовка, профессионалдык адабият.

**Изилдөөнүн обьектиси:** "Жаңыл Мырза" эпосунун Тоголок Молдо, Молдобасан Мусулманкулов, Ыбырай Абдрахманов, Абдыкалык Чоробаевдин варианттары менен бирге Жаңыл Мырзаны тарыхый инсан сыңары караган Белек Солтоноев менен кытайлык Үсөйүн-Ажынын да санжыралык тариздеги эмгектери жана Касым Тыныстановдун "Жаңыл-Мырза" поэмасы, Сүйүнбай Эралиевдин "Жаңыл Мырза жана Шырдакбектен Боз жорго" поэмасы, Тенти Адышеванын "Жаңылдын элеси" поэмасы**,** Кубанычбек Маликов менен Аманкул Куттубаев бирге жазган "Жаңыл Мырза" драмасы жана Калкан Керимаалы уулунун "Жаңыл Мырза" чыгармасы, К.Сапарбаевдин "Азалуу жылдыздар" поэмасы, А.Рыскуловдун "Жаңылдын жаңылганы" кеңири сюжеттеги ыры, Э.Эрматовдун "Жаңыл-Мырза" драма-поэмасы сыяктуу көркөм чыгармалар алынды.

**Изилдөөнүн максаты:** Эпоско кайрылган жазуучулардын көркөм көрүнүшкө жана реалдуу турмушка карата болгон көз карашын, мамилесин ачып көрсөтүү менен катар өзүбүздүн изилдөөбүздө конкреттүү маселе коюу менен аны чечүүгө аракет жасоо максатын алдыбызга койдук. Алдыга коюлган максат жана милдеттерди ийгиликтүү чечүү үчүн негизги изилдөөчүлүк принцип катары тажрыйбада тастыкталган адабият таануучулук, илимий-методологиялык принциптер колдонулду.

**Изилдөөнүн методу:** Салыштырма-тарыхый, салыштырма-типологиялык методдор.

**Алынган жыйынтыктар жана анын жаңычылдыгы:** "Жаңыл Мырза" эпосунун сюжетине кайрылган профессионалдык адабияттын өкүлдөрүнүн бул теманы, сюжетти иштеп чыгуу боюнча жеке салымдарына жана окшоштуктарына анализ берилди.

Эпоско кайрылган аталган жазуучулардын ойдон чыгаруу жана «көргөндү көргөндөй» сүрөттөө эволюциясын аныктоо жана тактоо зарылдыгы сыяктуу бекемделген концептуалдуу мазмунду ачып берүү аракети – диссертациябыздын негизги жаңылыгы болду.

**Колдонуу боюнча сунуштар:** Диссертациялык эмгек кыргыз адабиятынын тарыхын, фольклорун изилдөөгө жардам берүү менен катар фольклор жана профессионалдык адабияттын ички карым-катышын, сюжет, образ, тема аспектилеринде таанууга көмөк берип, окуу куралдарын жазууда илимий багыт бере алат. Ошондой эле, жаңы окуу китептерин түзгөндөргө методологиялык көмөк көрсөтөт.

**Колдонуу чөйрөсү** жогорку окуу жайларындагы филология факультетинде тиешелүү атайын курстарды өтүүдө өбөлгө түзөт деп ойлойбуз, ошондой эле кыргыз фольклорун профессионалдык адабияттын тармагына кызыккан адистерге илимий жардам берүүгө жарамдуу.

## РЕЗЮМЕ

**диссертации Андашовой Айнура Каныбековны на тему: «Художественная трансформация эпоса «Жаңыл Мырза» в профессиональной литературе» на соискание ученой степени кандидата филологических наук по специальности 10.01.01. – кыргызская литература.**

**Ключевые слова:** эпос, генезис, образ, перевоплощение, фольклорный сюжет, особенность вариантов, отчаянная невеста, традиционность, эпичность, качественный уровень, интерпретация, авторская идея, трактовка, профессиональная литература.

**Объект исследования:** Варианты эпоса «Джаныл Мырза» по версиям Тоголока Молдо, Молдобасана Мусулманкулова, Ыбырая Абдрахманова, Абдыкалыкова Чоробаева предания Белека Солтоноева и Усеина-Ажы из Китая, представившие Джаныл Мырзы», как историческую личность; поэмы Касыма Тыныстанова «Джаныл Мырза», С.Эралиева «Джаныл Мырза и сивый иноходец Шырдакбека», Тенти Адышевой «Призраки Джаныл», драма К.Маликова и А.Куттубаева (в соавторстве) «Джаныл Мырза», повествование Калкана Керималы уулу «Джаныл Мырза», поэма К.Сапарбаева «Звезды в трауре», стихотворение Акбара Рыскулова с развернутым сюжетом «Ошибка Джаныл», драма поэма Э.Эрматова Джаныл Мырза»

**Цель исследования:** на основе анализа вышеназванных произведений, выявить творческое своеобразие и возможности каждого автора в воплощении сюжетных линий и замысла эпоса в соответствии с требованиями художественной литературы в изображении реальностей жизни и внутреннего мира персонажей. Для успешного осуществления поставленной цели применены апробированные на практике литературоведческие, научно-методологические принципы.

**Метод исследования:** сравнительно-исторический и сравнительно-типологический методы.

**Полученные результаты и новизна:** анализированы индивидуальные вклады, особенности и общности представителей профессиональной литературы в художественном воплощении сюжета эпоса «Джаныл Мырза»; подвергнуты сравнительному анализу творческие возможности и художественные воображения вышеназванных авторов в трансформации идей эпоса, которые, по мнению диссертанта и являются новизной работы.

**Рекомендации по использованию:** основные положения диссертационной работы могут быть использованы в изучении истории кыргызской литературы и фольклора, взаимоотношений и взаимовлияний идей, тем, образов, сюжета фольклора и письменной литературы; оказать методическую помощь в написании учебников, учебных и учебно-методических пособий и.т.д.

**Область применений:** результаты диссертации могут применяться в преподавании истории кыргызской литературы, спецкурсов и спецсеминаров по литературе и фольклору, а также в научных изысканиях студентов и аспирантов по проблемам кыргызской художественной словесности.

## RESUME

**Dissertation by Andashova Ajnura Kanybekovna on the theme: «Literary transformation of the epos «Dzhanyl Myrza» in the professional literature » candidate's thesis on doctor of philology on the specialty 10. 01.01. – the Kyrghyz literature.**

**Keywords:** the epos, genesis, an image, transformation, a folklore plot, distinctive features of variants, the desperate bride, traditional character, epics, qualitative level, interpretation, author's idea, treatment, the professional literature.

**Object of the research:** Variants of the epos «Dzhanyl Myrza» on the versions by Togolok Moldo, Moldobasan Musulmankulov, Ybyraj Abdrahmanov, Abdykalyk Chorobaev, on the legend by Belek Soltonoev and Useina-Azhy from China, that presented "Dzhanyl Myrza» as a historical individual; a poem «Dzhanyl Myrza» by Kasym Tynystanov, «Dzhanyl Myrza and a gray pacer of Shyrdakbek», by S.Eraliev, «Phantoms of Dzhanyl» by Tenti Adysheva, a drama (in the co-authorship) «Dzhanyl Myrza» by K.Malikov and A.Kuttubaeva, a narration «Dzhanyl Myrza» by Kalkan Kerimaly uulu, a poem «Stars in mourning» by K.Saparbaeva, a poem by Akbar Ryskulova with the developed plot «The Error of Dzhanyl», a drama poem «Dzhanyl Myrza» by E.Ermatova.

**Research objective:** to reveal a creative originality and possibilities of each author in an embodiment of subject lines and an epos plan according to the fiction requirements in reflecting actuality and private world of characters on the basis of the analysis of the above-mentioned works of art. Scientifically-methodological and literary principles that got approval in practice have been applied to reach the aims put forward.

**Research method:** the historical -comparative and comparative -typological methods.

**The received results and novelty:** individual contributions, peculiarities and a generality of the professional literature representatives have been analyzed in artistic realization of a plot of the epos «Dzhanyl Myrza»

Creative possibilities and literary imagination of the above mentioned authors are subjected to the comparative analysis that, according to the author of dissertation, are the novelty of work.

**Recommendations about use:** substantive provisions of the thesis are to be used in studying the history of the Kirghiz literature and folklore, mutual relations and interferences of ideas, themes, images, a plot of folklore and the written literature; in rendering the methodical assistance in writing textbooks, educational and educational-methodical grants etc.

**Area of applications:** results of the dissertation can be implied in teaching history of the Kirghiz literature, special courses and special seminars on the literature and folklore, and also in scientific researches of students and post-graduate students on the problems of the Kirghiz language and literature**.**